**Фармакологиялык таасири**
Никотин кислотасы — спецификалык каршы-пеллагралык каражат, организмдин жашоо процессинде маанилүү роль ойнойт, кычкылдануу-калыбына келүү процесстерин жүргүзгөн ферменттердин простатикалык тобунун курамына кирет. Углеводдук жана азот алмашуусун жакшыртат, жогорку дозаларда кандагы липиддердин жана атерогендик липопротеид фракцияларынын деңгээлин төмөндөтөт. Ошондой эле айкын, кыска мөөнөттүү кан тамыр кеңейтүүчү таасир берет.

**Фармакокинетикасы**
Парентералдык түрдө киргизилгенде органдарга жана ткандарга бирдей бөлүштүрүлөт. Башкыча метилденүү жолу менен, аз өлчөмдө конъюгация жолу менен инактивдешет. Биотрансформация продукттары заара аркылуу бөлүнөт.

**Дозалоо режими**
Парентералдык: тамырга (в/в), булчуңга (в/м) жана териге астыңкы (п/к).
*Пеллаграда*
Булчуңга 1% эритменин 1 мл (10 мг) 1–2 жолу күнүнө, 10–15 күн бою.
*Ишемиялык инсультта*
Тамырга жай киргизилет — 1% эритменин 1 мл (10 мг).
Бир жолку доза — 0,1 г чейин.
Суткалык доза — 0,3 г чейин.

**Терс таасирлери**
• беттин жана тулкунун жогорку бөлүгүнүн кызаруусу, сайгылашуу жана күйүү сезими;
• баш айлануу;
• кан башты көздөй "чуркап" кеткендей сезим;
• кычышма (крапивница).
Тез киргизилгенде артериялык басымдын кескин төмөндөшү мүмкүн.
Никотин кислотасын узак убакыт чоң дозада колдонууда боор дистрофиясы өнүгүшү мүмкүн, гепатотоксикалык таасирдин коркунучу жогорулайт.
Кандагы заара кислотасынын деңгээли көтөрүлүшү, глюкозага толеранттуулук начарлашы мүмкүн.

**Каршы көрсөтмөлөр**
• ашказандын жана он эки эли ичегининин жара оорусу (обострение стадиясында);
• боор функциясынын оор бузулушу;
• подагра жана гиперурикемия;
• никотин кислотасына жогорку сезимталдык.
Тамырга (в/в) сайуулар оор гипертония жана айкын атеросклероз учурунда каршы көрсөтүлөт.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Никотин кислотасы гиполипидемиялык каражат катары көбүнчө гиперхолестеринемиясы гипертриглицеридемия менен айкалышкан бейтаптарга дайындалат. Гиполипидемиялык эффект препаратты колдонуу башталгандан 1 ай же андан көп убакыт өткөндө өнүгөт.

Кант диабети менен ооругандарда дислипидемияны коррекциялоо үчүн колдонуу сунушталбайт.

Дарылоо учурунда боор функциясын үзгүлтүксүз көзөмөлдөө зарыл (айрыкча чоң дозаларда кабыл алганда).

Гепатотоксикалуулукту алдын алуу үчүн диетага метионинге бай азыктарды (творог) кошуу же метионин жана башка липотроптук каражаттарды дайындоо керек.

Териге астыңкы жана булчуңга сайуулар оорутары эске алынууга тийиш.

**Сактоо шарттары**

Жарыктан корголгон жерде, 25 °Стан жогору эмес температурада сактоо керек.